DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2021

***ЮРИДИКАЛЫК ИЛИМДЕР***

***ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***LEGAL SCIENCES***

***Бактыярова С.Ж., Момунова Г.А., Бабаева Х.С.***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКОЛОГИЯЛЫК УКУКТАРДЫН КОРГОЛУШУ

***Бактыярова С. Ж., Момунова Г.А., Бабаева Х.С.***

## ЗАЩИТА ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ПРАВ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

***S. Baktiyarova, G. Momunova, K. Babaeva***

## PROTECTION OF ECOLOGICAL RIGHTS IN THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 349.6*

*Бул макалада Кыргыз Республикасында экологиялык укуктардын, айлана-чөйрөнүн корголушу, жаратылышты пайдалануу, жаратылышты сактоо жана экологиялык коопсуздук стандарттарын камсыз кылуу, экологиялык коопсуздук жаатында адамдардын жүрүм-туруму жана экологиялык укуктарын коргоонун өзгөчөлүктөрү каралган. Андан тышкары адамдын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу зарылдыгы, ушул сыяктуу өз ара байланышкан милдеттер, ошондой эле жакырчылыкка жана климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү маселелери да камтылган. Ошондой эле ден-соолукту, айлана-чөйрөнүн терс таасирлеринен коргоо укугу, жарандардын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы конкреттүү ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу жолу камтылган. Ар бир жарандын жагымдуу чөйрөгө; айлана-чөйрөнү чарбалык жана башка иш-аракеттерден келип чыккан терс таасирлерден коргонууга, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоонууга; айлана-чөйрөнүн абалы жөнүндө ишенимдүү маалымат алууга болгон укуктары көрсөтүлгөн.*

***Негизги сөздөр:*** *экология, мыйзам, укук, көзөмөл, айлана-чөйрө, климат, катастрофа, декларация, конституция, экспертиза.*

*В статье рассматриваются особенности экологических прав, охраны окружающей среды, природопользования, охраны окружающей среды и экологической безопасности в Кыргызской Республике, поведения человека в области экологической безопасности и защиты экологических прав. В нем также рассматривается необходимость защиты основных прав и свобод человека, а также связанных с ними взаимосвязанных обязанностей, а также борьба с бедностью и изменением климата. Он также включает право на здоровье, защиту от негативного воздействия окружающей среды и осуществление определенных полномочий граждан в области защиты окружающей среды. В приятной обстановке для каждого гражданина; для защиты окружающей среды от неблагоприятных воздействий хозяйственной и иной деятельности, для защиты от чрезвычайных ситуаций природного и техногенного характера; было получить досто-верную информацию о состоянии окружающей среды права указаны.*

***Ключевые слова:*** *экология, закон, право, контроль, окружающая среда, климат, катастрофа, декларация, конституция, экспертиза.*

*The article considers the specifics of environmental law, environmental protection, nature use, environmental protection and environmental safety in the Kyrgyz Republic, the behavior of human rights and environmental protection in the field of ecology. It also considers the need to protect the basic rights and freedoms of man, as well as the responsibilities associated with them, as well as the fight against poverty and climate change. It also includes the right to health, protection from the negative effects of the environment and the existence of certain powers of the citizen in the area of environmental protection. In a pleasant setting for every citizen; for the protection of the environment from unfavorable economic and other activities, for the protection of extreme natural and man-made situations; was to receive reliable information about the state of the environment the right has been decreed.*

***Key words:*** *ecology, law, right, control, environment, climate, catastrophe, declaration, constitution, expertise.*

Экологиялык укуктар – ажырагыс мүнөзгө ээ болгон табигый адам укуктарынын бир түрү. Мыйзамдар жаратылышты пайдалануу, жаратылышты сактоо жана экологиялык коопсуздук стандарттарын камсыз кылуу жаатында белгилүү бир эркиндиктин жана жарандык жүрүм-турумдун ченемин аныктайт. Табигый ресурстардын ченемдерине – жерди, жер казынасын, сууну, абаны, жапайы жаратылышты пайдалануунун укуктук эрежелери кирет.

XX кылымдын ортосунан баштап илим менен техниканын өнүгүшү, адамдын табигый чөйрөгө тийгизген таасири, жаратылыш чөйрөсүндө олуттуу өзгөрүүлөр – бүткүл дүйнөнү каптаган интенсивдүү техникалык прогресске алып келди. Адамдын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу зарылдыгы, ушул сыяктуу өз ара байланышкан милдеттер, ошондой эле жакырчылыкка жана климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү артыкчы-лыктуу багыттардын бири деп эсептелүүдө. Өнүгүү саясаты адам укуктары боюнча милдеттенмелерине шайкеш келбеген, көпчүлүк учурда эң жакыр жана четке кагылган мамлекеттерде, жакырчылыктын деңгээли, алардын айлана-чөйрөсүнүн бузулганды-гына, жашоо-тиричилиги начарлап кеткендигине жана жашоо

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



мүмкүнчүлүгүнүн чегинен чыкпагандыгына байланыштуу, туруктуу өсүп турат.

КРнын жарандарынын экология жаатындагы негизги укуктары КРнын Конституциясында бекитилген. Ошол эле учурда, КРнын Конституциясынын ченемдери колдонуудагы экологиялык мыйзамдарда конкреттештирилген. 1999-жылдын 16-июну №53 «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» КРнын мыйзамы ар бир жаран ден-соолукту экономикалык же башка иш-аракеттерден, авариялардан, катастрофалардан, табигый кырсыктардан келип чыккан айлана-чөйрөнүн терс таасирлеринен коргоого укуктуу экендигин белгилейт [2].

Ден-соолукту, айлана-чөйрөнүн терс таасирлеринен коргоо укугу жарандардын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы конкреттүү ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу жолу менен ишке ашырылат. Анын мазмуну мыйзамдардын негизинде жарандардын ден-соолугун коргоо багытында КРнын 2016-жылдын 30-июнундагы «Курчап турган чөйрөнү коргоо жөнүндөгү», «2009-жылдын 24-июлу №248 КР «Коомдук саламаттык сактоо жонундөгү» мыйзамында, КРнын 2014-жылдын 28-мартындагы №53 «Калктын радиациялык коопсуздугу жөнүндөгү» мыйзамында, 1999-жылдын 16-июну №54 КРнын «Экологиялык экспертиза жөнүндөгү» мыйзамында жана башка ченемдик укуктук актыларда каралган.

КРнын 1999-жылдын 16-июну №53 «Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамы жаратылыш жана анын бөлүктөрү КРнын улуттук энчиси, анын омоктуу социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн негизги факторлорунун бири. Ушул мыйзам КРсында жаратылышты пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы саясатты белгилейт жана укуктук мамилелерди жөнгө салат [2].

Ар-бир жаран жашоосу жана ден соолугу үчүн жагымдуу болгон айлана-чөйрөгө жана чарбалык же башка ишти жүзөгө ашыруунун натыйжасында айлана-чөйрөгө келтирилген жагымсыз таасирлер аркылуу ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуртуп алууга укуктуу [3].

Жалпы укуктардын редакциясы КРнын Конституциясында (42-берене) келтирилген. Атайын типтеги укуктар обочолонгон жаратылыш обьектилерин пайдаланууну жана коргоону жөнгө салуучу мыйзамдар менен белгиленет.

Негизги конституциялык экологиялык укуктарга төмөнкүлөр кирет: жаратылыш чөйрөсүнүн жагымдуу абалына болгон укук; жаратылыштын абалы жөнүндө ишенимдүү маалымат алуу укугу; экологиялык укук бузуу менен адамдын ден-соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруу укугу [1].

Кыргызстандын мыйзамдарынын ченемдери жарандын экологиялык укуктарынын корголушуна кепилдик берет. Жеке экологиялык укуктарды кор-гоо максатында адамдар төмөнкүлөрдү аткара алышат:

– айлана-чөйрөнү коргоо боюнча коомдук бирикмелерди уюштурат;
– табигый чөйрөнүн абалы жөнүндө ишенимдүү маалымат алуу үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына кайрылууга;
– чогулуштарга, демонстрацияларга, референдумдарга жана жаратылышты коргоого байланыштуу башка иш-чараларга катышууга;
– айлана-чөйрөгө таасирин баалоо боюнча сунуштарды киргизүү;
– мамлекеттик органдарга жаратылышты коргоо жана айлана-чөйрөнүн абалы боюнча даттанууларды берүүгө;
– экологиялык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө сотко доо арыз берүү мыйзамда каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга [6].

Жарандардын экологиялык укуктарынын корголушу, ошондой эле аларга белгилүү бир милдеттерди жүктөө менен камсыздалат. Алар айлана-чөйрөнү сактоого, жаратылышка бүтүндөй мамиле кылууга жана ушул чөйрөдөгү мыйзамдарды сактоого милдеттүү [4].

Укугу бузулган адам өзүнүн кызыкчылыгын өзү коргой алат (өзүн-өзү коргоо) же коргоп берүү (мамлекеттик коргоо) боюнча мамлекеттик органдарга кайрыла алат.

Адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин соттук коргоого кепилдик берүү менен К Рнын Конституциясы ар бир адам өзүнүн укуктары менен эркиндиктерин мыйзам тарабынан тыюу салынбаган бардык жолдор менен коргоого укуктуу экендигин белгилейт. Ошол эле учурда, мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин жана кызмат адамдарынын конституциялык эмес чечимдерине жана иш-аракеттерине гана эмес, ошол органдардын жана адамдардын аракетсиздигине дагы сот тартибинде даттанылышы мүмкүн экендиги маанилүү.

Жарандардын экологиялык укуктарын коргоонун механизмдеринин жана жол-жоболорунун болушу, жарыяланган укуктардын чындыкка айланышынын зарыл шарты болуп саналат. Механизмдердин болушу жарандардын экологиялык укуктарынын сакталышын, корголушун камсыз кылган юридикалык кепилдиктерди жаратат [5].

2007-жылдын 4-майындагы №67 «Кыргыз Республикасынын жарандарынын кайрылууларын кароо

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тартиби жөнүндө» мыйзамга ылайык, жаран жазуу жүзүндө кайрылууну ошол мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына же коюлган маселелерди чечүү компетенциясына ээ болгон кызмат адамына түз кайрылуу жөнөтөт. Мамлекеттик органдын чечими, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же кызмат адамынын маалыматтарынын компетенциясына кирбеген суроолорду камтыган жазуу жүзүндөгү кайрылуу катталган күн-дөн тартып он төрт жумушчу күндүн ичинде тиеше-лүү органга же тиешелүү кызмат адамына жөнөтүлөт, анын компетенциясына кайрылууну жөнөткөн жаранга билдирүү менен кайрылууда коюлган маселелерди чечүү кирет [6].

Ошентип, экологиялык укуктарды коргоо жеке жана юридикалык жактардын гана эмес, ошондой эле мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгү болуп саналат, анткени адамдын укуктары менен эркиндиктерин коргоо мамлекеттин биринчи кезектеги милдети болуп саналат.

Бузулган экологиялык укуктар боюнча жарандарга, мамлекеттик органдарга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, анын ичинде ушул экологиялык укук бузууларга алып келген мамлекеттик түзүмдөрдүн мыйзамсыз аракеттерине, аракетсиздигине даттануу, берүү укугу кепилдендирилген. Мамлекеттик орган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы кайрылууну ар тараптуу жана объективдүү изилдөө, зарыл болсо, тиешелүү мамлекеттик органдардан материалдарды жана документтерди сурап алуу, жарандын бузулган укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү же коргоо боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү [7].

Айлана-чөйрөнү коргоо багытындагы салыштырмалуу принциптери КРнын 1999-жылдын 16-июну №53 «Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамында каралган.

Ар-бир жаран жашоосу жана ден соолугу үчүн жагымдуу болгон айлана-чөйрөгө жана чарбалык же башка ишти жүзөгө ашыруунун натыйжасында айлана-чөйрөгө келтирилген жагымсыз таасирлер аркылуу ден соолугуна же мүлкүнө келтирилген зыяндын ордун толтуртуп алууга укуктуу.

Төмөндөгүлөр:

- артыкчылык берүү принциби: адамдын жашоосу, эмгеги жана эс алуусу үчүн жагымдуу болгон айлана-чөйрөгө болгон укуктарын сактоонун айкын кепилдиктерин, адамдын жашоосун жана ден соолугун камсыз кылуучу айлана-чөйрөнү коргоого артыкчылык берүүнү камсыз кылуу;
- тең салмактуулук принциби: экологиялык тутумдардын туруктуулугун сактоо, чарбалык жана башка ишти жүзөгө ашырууда айлана-чөйрөнү коргоо эрежелерин сактоо, жаратылыш ресурстарын арбытып өндүрүү, айлана-чөйрө жана адамдын ден соолугу үчүн орду толбой турган кесепеттерге жол бербөө;
- комплекстүүлүк принциби: коомдун экологиялык, экономикалык жана социалдык таламдарын шайкеш илимий негизделген түрдө ылайыкташтыруу, ресурстарды үнөмдөө жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелерин чечүүнүн комплекстүүлүгү;
- кармап туруу принциби: чарбалык иштин жана башка айлана-чөйрөгө таасирлердин тийгизген таасирин ченемдештирүү, экологиялык экспертизанын милдеттүүлүгү, негиздүүлүгү жана чектелиши.
- жоопкерчилик принциби: айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын бекем сактоо, аны бузгандык үчүн жоопкерчиликтин шексиздиги, ишканалар, мекемелер, уюмдар, чарбалар жана жарандар тарабынан айлана-чөйрөгө келтирилген зыяндын ордун толтуруу;
- айкындуулук принциби: экологиялык кесепеттерге алып келген чарбалык жана башка иштин учурунда жаратылышты коргоо милдеттерин чечүүнүн маалымдуулугу, коомдук уюмдар жана калк менен тыгыз байланышта болуу, жаратылыш ресурстарын коргоого жана сарамжал пайдаланууга багытталган чараларга колдоо көрсөтүү жана түрткү берүү, айлана чөйрөнү коргоо жагында улуттук, региондук жана эл аралык таламдарды айкалыштыруу айлана-чөйрөнү коргоонун негизги принциптери болуп саналат [2].

Адамдын негизги укуктары менен эркиндиктерин коргоону камсыз кылуу зарылдыгы, ушул сыяктуу өз ара байланышкан милдеттер, ошондой эле жакырчылыкка жана климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү артыкчылыктуу багыттардын бири деп эсептелет. Өнүгүү саясаты адам укуктары боюнча милдеттенмелерине шайкеш келбеген, көпчүлүк учурда эң жакыр жана четке кагылган мамлекеттерде, жакырчылыктын деңгээли, алардын айлана-чөйрөсү бузулгандыгына, жашоо-тиричилиги начарлап кеткендигине, саламаттыкты сактоо, суу менен камсыздоо жана санитария сыяктуу кызматтар жана жашоо мүмкүнчүлүгүнүн чегинен чыкпагандыгына байланыштуу, туруктуу өсүп турат. Жалпысынан адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин коргоо маселесин талкуулоо Экинчи Дүйнөлүк Согуш аяктагандан кийин түздөн-түз пайда болгон. Бирок, ошол учурда, экологиялык көйгөйлөр коомду жетиштүү кызыктырган жок, бирок мамлекеттердин айлана-чөйрөнүн абалына болгон жалпы кызыкчылыгы айрыкча Европадагы көптөгөн экологиялык кырсыктардан улам

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жыл сайын көбөйүп жатат. Адамдын айлана-чөйрөсү жөнүндө Стокгольм Декларациясы адамдын экологиялык укуктарынын калыптанышын жеринен жылдырды. Бул документ алгач адамдын ден-соолукту чыңдоо чөйрөсүнө болгон укугу жөнүндө сөз кылган. Мындан тышкары, айлана-чөйрөнү коргоо менен адам укуктарынын тыгыз байланышы белгиленди, бирок бул документ милдеттүү болбогондуктан, ден-соолукту чыңдоо чөйрөсүндө адамдын укугун кабыл алуу жаатында өнүгүү жай жүргөн. Экологиялык укуктардын зарылдыгын таануудагы дагы бир маанилүү жагдай 1982-жылы Дүйнөлүк Жаратылыш Хартиясынын бекитилгендиги болду. Бул документте биринчи жолу жаратылыштын укуктары жана адам укуктары сыяктуу түшүнүктөр бөлүнүп берилген, башкача айтканда, жаратылыштын хартиясы экологиялык борборлоштурулган мамилени кабыл алган биринчи документ. Бул документ адамга пайдалуу экендигине карабастан, жашоонун таптакыр бардык түрлөрүнүн укуктарын тааный тургандыгын көрсөтөт. Ошо сыяктуу эле, аба, суу, тамак-аш жана жашоо үчүн ылайыктуу климат сыяктуу айлана-чөйрө көрсөткөн «Кызматтар» болбосо, коом бул планетада жашай албай тургандыгын түшүнөт. Ошентип, адам укуктары боюнча эл аралык келишимдер кепилдеген негизги укуктардан пайдалануу үчүн жагымдуу чөйрө зарыл. Бирок, жогорудагы документтердин бардыгынын чоң кемчилиги - алардын чектелген географиялык чөйрөсү же декларативдик мүнөзүнө байланыштуу, аларды аткаруунун натыйжалуу механизминин жоктугу. Ошондуктан, эл аралык деңгээлде экологиялык укуктарды коргоонун так структуралаштырылган режиминин жоктугуна байланыштуу, адам укуктарын коргоонун колдонулуп жаткан режиминин алкагында түзүлгөн соттук прецедент, бул механизм катары өзгөчө мааниге ээ. Адамдын экологиялык укуктарын коргоо жана институтун түзүү. Курчап турган чөйрөнү коргоо көйгөйлөрүн чечүү үчүн иштелип чыккан дагы бир адамдын укугу бул ден-соолукка болгон укук. Курчап турган чөйрөнү коргоо маселелери ден-соолукка байланыштуу көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн, атүгүл коркунуч туудурушу да мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча, адамдын 80% га чейинки абалы экологиялык факторлор менен аныкталат. Мына ошентип экологиялык укуктар ден-соолукту чыңдоо чөйрөсүнө болгон укуктун сакталышын жана корголушун камсыз кылат жана айлана-чөйрөнүн жагымсыз таасирлеринен коргойт.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасынын конституциясы (5 мая 2021-ж.)
2. Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 16-июну №53 «Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамы
3. 2009-жылдын 24-июлу № 248 КР «Коомдук саламаттык сактоо жонундө» мыйзамы
4. 1999-жылдын 16-июну №54 КРнын «Экологиялык экспертиза жөнүндөгү» мыйзамы
5. КРнын 2016-жылдын 30-июнундагы «Курчап турган чөйрөнү коргоо жөнүндө» мыйзамы
6. 2007-жылдын 4-майындагы №67 «Кыргыз Республикасынын жарандарынын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзам.
7. Экологическое право: учебно-методическое указание / сост. И. Т. Эратов. Бишкек: КРСУ, 2016. 24 с.
8. Жумагулова З.Ж., Токтомамат кызы К. Экологические проблемы пастбищ в регионах Кыргызстана. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 4. С. 155-157